Ийри-Суу негизги мектеби

# Тарбиялык саат

# Тема: Мугалим мөмөлүү дарак

Мугалим: Нурланбек к. А.

# Мугалим мөмөлүү дарак

Мен бул сабакты өтүү менен мугалимдин кесиби ары түйшүктүү, ары татаал , ары жоопкерчиликтүү жана ардактуу экендигин далилдеп, мугалимди сыйлоого, кадыр баркын көтөрүүгө,анын айткандарын толук аткарууга үндөгүм келет.

**Сабактын максаты :**

а)тема боюнча окуучулар жалпы жана кеңири тушунук алышат ;

б)окуучулардын ой жугуртуусу кеңейип , аң сезими , сабакка активдуулугу калыптанат.

в)окуучулар мугалимдерди сыйлоого ,ар бир сөзүн кунт коюп уга билүүгө, айткан акыл-кеңештерин аткарууга тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** аралаш сабак

**Сабактын усулу:** аңгемелешүү, интерактивдүү .

**Сабактын жабдылышы:** көргөзмө куралдал, ПК, мультимедиалык проектор , презентация, учкул сөздор, интернет булагынан алынган маалыматтар .

**Предмет аралык байланыш :** адеп: кыргыз адабияты , тарых.

**Сабактын журушу:** уюштуруу; тема боюнча тушунук беруу ; топторго бөлуп оюн ойнотуу ; бышыктоо; тапшырма беруу ; баалоо

**Уюштуруу:** Классты уюштуруп алуу учун көңүлдүү маанай түзүп алабыз .Ал үчүн мен окуучуларга эки суроо берем .

1. **Келечекте ким болгуң келет? 2. Сени эмне кубандырат ?**

Окучулар өз ойлорун айтышат. Демек, балдар, силер өз каалаган максатыңарга жетүү үчүн терең билим, татыктуу тарбия керек экен. Биз бул эки түшүнүктү мугалим аркылуу гана алабыз. Андыктан биздин бүгүнкү жаңы темабыз “ Мугалим- мөмөлүү дарак “ деп алабыз.

**Тема боюнча түшүнүк:**

Биз алгач мектеп босогосун аттагандан кийин”А” тамгасын таанытып, экинчи ата-энелик атка татыктуу жана бул жашоодо өз ордубузду чоң салым кошкон инсан бул,албетте, биздин алтындай болгон мугалимибиз болуп саналып келет .

"Мугалим-мөмөлүү дарак "деп бекеринен айтылбаса керек .Себеби мугалим эч бир адам көтөрө алгыс түйшүктү өз мойнуна көтөруп, ары жоопкерчиликтүү ,ары татаал , ары ардактуу эмгекти аркалап келет. Чындыгында эле алар чоң тамга менен жазылууга татыктуу . Эчен залкар адамдар, эл башкарган президенттер да бир кезде мугалимдин окуучусу болгонун, алар берген билимдин үрөөнү менен бийиктикке жеткенин тана албасбыз.

Мугалим кандай гана ардактуу кесип .Бул кесип кылымдардан бери келе жатакан эскирбеген кесип. Анын педагогикалыкакыл топтому ,алысты көрө билгендиги ,изденгичтиги жана жаш баладай жумшак баео көңулун , бүткүл чыгармачылык кудуретин келечек ээлерине терең билим , мыкты тарбия берүүгө жумшагандыгы менен кадырлоого ээ болгон инсан. Баарыбыздын башат- тамырыбыз ,асыл ой-тилектерибиз ,жетишкен ийгиликтерибиз биринчи кезекте мектеп менен байланыштуу . Элибиздин рухий байлыгы мектеп аркылуу калыпка салынары белгилүү .Андыктан адамдын жан дилине илим-билим үрөөнүн сээп , жаркын максаттарга үндөгөн мугалимге кандай алкыш айтсак да жарашат.

Алгач мугалим тууралуу ушул ырды баарына окуп берем .

## "Мугалим ким?"

Мугалим ким, ал биз өңдуу адам,

Кантип алар өзгөртүшөт заманды?

Ал улуу жан адамдардын адамы ,

Жакшылыкка арышталат кадамы .

Ата Журтка куну-туну кам жейби ,

Айтчы анын, тамак ичип нан жейби .

Олтурганда кошо суйлоп сабакты.

Окучуну ойлоп ичет тамакты .

Кеч киргенче мектебинен чыкпайбы ,

Айтчы анын, уйгө барса уктайбы?

Сабак калса капчыгына куч келет ,

Уктаса да окуучуну туш көрөт,

Чарчабайбы ызуу-чуудан ,баладан

Уйгө барып иш кылабы ал адам ?

Мектеби да, уйду дагы ардакдайт,

Мекен жугу аны эч кчан чарчатпайт.

**(Шайырбек Дооронов,интернет булагынан алынган)**

Окучуларды топторго бөлуп, оюн уюштуруу .

**1-топ- “Мугалимдер тобу “**

**2-топ- “Окуучулар тобу”**

Оюн төрт турдун негизинде ишке ашат .

1-ТУР .ТОПТУН АТЫН ЧЕЧМЕЛӨӨ “Мугалимдер” тобуна суроо.

2-ТУР .МАКАЛ-ЛАКАПТАР БУРМАЛАНЫП БЕРИЛЕТ , ОКУУЧУЛАР ТУУРА ВАРИАНТТЫ ТАБЫШАТ .

1. Бүркүттүн баласы мышык болбойт (бөру баласы ит болбойт) (сабактар слайд менен коштолот )
2. Жообу :Билим алуу ийне менен кудук казгандай .
3. “чыныгы дос ,... чындыкты сүйлөйт “.

“Окуучулар “ тобуна суроолор :

Макал –лакаптар бурмаланып берилет ,окуучулар туура вариантты табыш керек .

1.Карынын акчасын чөнтөккө сал (“Карынын сөзун капка сал”) Макалдар сүрөт аркылуу берилет .Окуучулар ойлонуп табышат .

**Жообу** : "Ат атамдын канаты " окуучулар макалдын уландысын табышат .

3."Көп жашагандан эмес ,... көп окугандан сура"

3-ТУР ."САН АРТЫНДА СУРООЛОР "ОЮНУ.Мында окуучулар сан артындагы катылган суроолорго жооп беришет.Суроолор упайга карап жеӊил жана татаал болуп берилет .

**5-Зат атооч деген эмне ?**

Жообу :Заттын атын билдирип ,ким?,эмне?,кимдер?,эмнелер?- деген суроого жоп берген сөз түркүмү .

5-"Коён"деген сөздө канча тамга, канча тыбыш бар ?

**Жообу: 4 тамга ,5 тыбыш**

10-Буюм, эстеликтер боюнча коомдун тарыхын изилдөөчу илим бул ..... **Жообу: Археология.**

10-......-ата тегин изилдөөчу илим .
**Жообу:Генелогия.**

15- эки адам төрт саат шахмат ойношсо. Ар бири канча шахмат ойношту? **Жообу: төрт саат.**

15- Үй-бүлөдө беш бир тууган бар ,алардын ар биринин бирден карындашы бар .Жалпы канча бир тууган? **Жообу :6 бир тууган .**

20- 1991 –жылы Кыргыз Республикасы көз карандысыз мамлекет болуп жарыяланганына ишенесиӊби?

**Жообу:ооба.** 1991ж 31- августа көз карандысыз мамлекет болуп жарыяланган

Топтор чачылган тамгалардын арасынан сөздөрдү курап жатышат .Ким канчалык көп жазса ошол топко жогорку упай берилет .

4-ТУР . "ЧАЧЫЛГАН ТАМГАЛАР ОЮНУ"

1.Р Т Ч Л Й У А Н К Е З П Д М Л Г С И Н

**Бышыктоо : 1. "Мугалим бул-оор нерселерди оӊой кылуучу адам (Р.Эмерсон)**

**“Эгер мугалимде жумушуна да ,окуучуларга да сүйүүсү болсо , анда ал эң мыкты мугалим”(Л.Толстой)**

**“Жакшы мугалим болуу учун ,окуткан сабакты жана окуучуну сүйүү зарыл”**

**(В .Ключевский )**

**“ Ким эскини алпештеп , жаңыны аңдап билсе , андай адам мугалим боло алат “ (Конфуций)**

Учкул сөздөрду чечмелеп , жогоруда топторго берилген суроо тапшырмалардын жыйынтыгын чыгарам

**Төмөндөгу суроолорго жооп алуу менен сабакты бышыктайм :**

2.Бугунку сабакта эмнени билдиңер ?

3.Окучуунун кандай милдеттери бар ?

4.Канткенде биз мугалимдерди кубанта алабыз?

**Баалоо:** Бирин-бири баалоо

**Үй –тапшырма : “Мен сыйлаган мугалим “ темасына дилбаян жазып келуу**

# Мугалимдер жөнүндө учкул сөздөр:

*Окуучуга мектептеги эң маанилүү кубулуш, эң үлгү болоорлук сабак, эң жандуу мисал бул –мугалим. (А.Дистерверг)*

*Ким эскини алпештеп, жаңыны аңдап- билсе,андай адам, мугалим боло алат. (Конфуций)*

*Жакшы мугалим болуу үчүн, окуткан сабакты жана окуучуну сүйүү зарыл. (В.Ключевский )*

*Мугалим – бул оор нерселерди оңой кылуучу адам. (Р.Эмерсон)*

*Биз кимден билим алсак, алар биздин окутуучубуз атына ээ, бирок үйрөткөндүн баардыгы окутуучу атынын баркына жете бербейт. (У.Черчилль)*

# Мугалим

*Жашоого жол көрсөтүп багыт берген,*

*Талыкпас акыл, эмгек, сөзү менен.*

*Билимден бийиктикти урмат, сыйды,*

*Табышкан ак эмгектен, маңдай терден.*

*Келечек ээлерине берип билим,*

*Эмгектен көрсөк дешип элдин сыйын.*

*Ачкычын бул турмуштун ачып берээр,*

*Ээси,мугалимдердин кесиби татаал,күнү кыйын.*

*Терметип билимине алтын бешик,*

*Келгин деп, канчаларга ачып эшик.*

*Үйрөөтөр бул дүйнөнүн көп сырларын,*

*Ушундай бийик татаал мугалимдик кесип.*

# Мугалим

Окутуп коптү үйрөткөн,
Ойлонтуп көркөм сүйлөткөн.
Адептүү бол деп ар убак,
Айтканы кетпейт жүрөктөн.
Мугалим эжем ал менин,
Актасам деймин тилегин.

Аябай акыл кеңешин
Айдаткан билим кемесин.
Көчөдө, бакта жүрсөк да,
Көрөбүз сүйкүм элесин.
Мугалим эжем ал менин,
Актасам деймин тилегин.